“Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу” адистигине мектепке чейинки педагогика предметинен 2025-2026-окуу жылына ГОС экзамендин суроолору:

1. Эрте мектеп жашына чейинки балдарга педагогикалык-психологиялык мүнөздөмө, алардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү (2-3 жаш).
2. Мектепке чейинки педагогика илими, анын милдеттери.
3. Тарбиялоо процесси, анын философиялык негизи жана мааниси.
4. Мектепке чейинки балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү.
5. Мектепке чейинки педагогика илиминин пайда болушу жана өнүгүшү. Көрүнүктүү педагогдордун кошкон салымы.
6. Кенже мектепке чейинки балдардын педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө. 3-4 жаштагы балдардын өнүгүүсү.
7. Орто мектепке чейинки балдардын педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө (4-5 жаш), алардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү.
8. Жогорку мектеп жашына чейинки балдардын педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө (5-6 жаш), алардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү.
9. Азыркы учурда мектепке чейинки балдарды окутуп, тарбиялоонун жаңы технологиялары (STEM, ТРИЗ ж.б.)
10. Бала бакчада окутуунун мааниси, мазмуну жана милдеттери.
11. Занятиенин мааниси жана милдеттери, структурасы жана тарбиячынын занятиеге даярдануусу.
12. Бала бакчада окутуунун негизги формасы – занятие, алардын түрлөрү.
13. Мектеп жашына чейинки балдарды окутуунун методдору, түрлөрү жана аларга мүнөздөмө.
14. Баланын өнүгүүсүнө социалдык чөйрөнүн тийгизген таасири. Баланын социалдык жактан өнүгүүсү.
15. Балдардын педагогикалык ишмердүүлүгү, аларга мүнөздөмө.
16. Тарбиячы менен баланын ортосундагы педагогикалык мамиле, алардын талаптары.
17. Мектепке чейинки мекемелердин системасы, аларга мүнөздөмө.
18. Мектепке чейинки мекеменин бүтүн педагогикалык процесси.
19. Мектепке чейинки балдарды ар тараптан гармониялуу өнүктүрүү (дене, акыл, социалдык, руханий)
20. Мектепке чейинки балдарды дене жактан тарбиялоо, анын милдеттери жана каражаттары.
21. Мектепке чейинки балдарды акыл жактан тарбиялоо, анын милдеттери жана каражаттары.
22. Мектепке чейинки балдарды адептүүлүккө тарбиялоо, анын милдеттери жана методдору.
23. Мектепке чейинки балдарды эмгекке жана экологиялык маданиятка тарбиялоо.

24. Мектеп жашына чейинки балдарга эстетикалык тарбия берүү, анын милдеттери жана каражаттары.
25. Балдардын ишмердүүлүгү, анын балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүүдөгү мааниси.
26. Оюндардын түрлөрү, алардын мааниси жана оюнга тарбиячынын жетекчилик кылуусу.
27. Бала бакчада окутуу жана тарбиялоо иштерин пландаштыруу. Жылдык, перспективалык жана календардык план.
28. “Бала бакчада тарбиялоонун программасы”, анын мазмуну.
29. Бала бакча менен мектептин ортосундагы байланыш, алардын формалары.
30. Бала бакча менен үй бүлөнүн ортосундагы байланыш иштери, алардын формалары.
31. Атайын муктаждыктагы балдардын балдар бакчасына көнүүсү.
32. Инклюзивдик билим берүүдө инсандын окуу жана өнүгүү процессинин байланышынын негизги принциптери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү.
33. Мектепке чейинки билим берүүдө инклюзивдик окутуу предметинин максаты жана милдеттери.
34. Өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар балдарды окутуу тарыхынын баскычтары.
35. Болочок тарбиячынын эстетикалык маданиятын калыптандыруу.
36. Эстетикалык тарбиянын өнүгүү тарыхы.
37. Эстетикалык тарбия берүүнүн шарттары жана каражаттары.
38. Мектепке чейинки балдардын оюн ишмердүүлүгү
39. Тарбиячынын коммуникативдик маданиятынын эрежелери.
40. Баалоонун методдору жана каражаттары.
41. Тарбиялык саатты уюштуруу жана өткөрүү.
42. Балдар бакчасында көркөм сабаттуулукка окутууда жаңы технологияларды колдонуу.
43. Тайпанын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү.
44. Дифференцирленген окутуунун мааниси.
45. Баланы мектепке даярдоодо балдар менен иштөөнүн методдору жана формалары.
46. Мектепке даярдоо жараянында балдар менен жекече иштөөнү уюштуруу.
47. Баланы мектепке даярдоодо оюнду колдонуунун ыкмалары.
48. Инсанга багыттап окутуунун мазмуну, максаты, аны уюштуруу өзгөчөлүктөрү.
49. Проблемалык окутуунун инсанга тийгизген таасири.
50. Инсанга багытталган окутуу чөйрөсү.
51. Балдар бакчасында окутуу процессин анализдөөнүн максаты жана орду.
52. Педагогикалык чеберчиликтин маселелерин чечүүдө мектепке чейинки педагогика менен театралдык педагогиканын байланышы.
53. Педагогикалык техниканы тарбиячынын өздөштүрүүсү.
54. Педагогикалык чеберчилик жана анын элементтери.

55. Тарбиячыга тиешелүү болгон негизги сапаттар жана алардын өзгөчөлүктөрү.
56. Тарбиячынын педагогикалык маданияты.
57. Педагогикалык кызматташтык жана анын идеялары.
58. Педагогикалык кесиптин коомдогу ээлеген орду жана өзгөчөлүктөрү.
59. Окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуудагы педагогдун мамилесинин ролу.
60. Балдарды мектепке даярдоодо психологиялык проблемалар жана аларды жоюунун жолдору
61. Мектепке чейинки психология предметинин милдеттери, үйрөнүлүш себеби.
62. Психиканын өнүгүүсү жана иш-аракеттер.
63. Балдар психологиясынын Кыргызстандагы өнүгүүсү.
64. Ымыркай курак жана ага психологиялык мүнөздөмө.
65. Мектепке чейинки психологиянын өнүгүүсүнүн кыскача тарыхы. (Россия, Кыргызстан)
66. Карым-катнаш жана психиканын өнүгүүсү.
67. Курагы боюнча мезгилдерге бөлүштүрүү жана психиканын өнүгүүсү.
68. Мектепке чейинки психологиянын өнүгүүсүндөгү В. Штерн, Ж. Пиаженин окууларынын маанилүүлүгү.
69. Чет өлкөлөрдөгү балдар психологиясынын өнүгүү абалдары.
70. Баланын психикасынын өнүгүүсүндөгү биологиялык жана социалдык факторлор.
71. Пренеталдык өнүгүү жана бир жашка чейинки бөбөктүн өнүгүү өзгөчөлүктөрү.
72. Бир жашка чейинки бөбөктүн психикасынын өнүгүүсү.
73. Ымыркай мезгил жана бир жашка чейинки бөбөктүн өнүгүүсүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрү.
74. Эрте жаш курактагы балдардын инсандык сапаттарынын калыптануу өбөлгөсү.
75. Эрте жаш курактагы баланын акыл-эсинин өнүгүүсү жана эрте жаш курактагы жаңы иш-аракеттин түрлөрүнүн пайда болушу.
76. Баладагы көктүк, кежирлик, кызганчаактык сапаттардын келип чыгуу себептери.
77. Мектеп жашына чейинки курактагы балдардын эмгек жана окуу иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрү.
78. Мектеп жашына чейинки баладагы мектептеги окууга болгон психологиялык даярдыгы.
79. Мектеп жашына чейинки курактагы балдардын акыл-эсинин өнүгүүсү.
80. Баланын мектептеги окууга карата даяр болуусунун шарты (обьективдүү жана субьективдүү факторлор)
81. Мектеп, мугалим, окуучу, тарбиячы жана бала түшүнүктөрүнүн окшоштугу, айырмачылыктары.

82. Мектепке чейинки курактагы балдардын оюн ишмердүүлүгү аркылуу карым-катнаш жасоосунун психологиялык өзгөчөлүктөрү.
83. Мектеп жашына чейинки баланын оюн, окуу жана эмгек иш-аракеттеринин өнүгүү өзгөчөлүктөрү.
84. Психикалык процесстерге мүнөздөмө (кабыл алуу, көңүл буруу, эс, ойлоо)
85. Психикалык абалдар (эмоция, сезим) жана алардын балдардын өнүгүүсүндөгү орду.
86. Психикалык касиеттерге мүнөздөмө (темперамент, мүнөз, жөндөмдүүлүк)
87. Мектеп жашына чейинки курактагы балдардын психикалык процесстердин өнүгүүсү (кабыл алуу, ойлоо, эс, көңүл буруу)
88. Мектеп жашына чейинки балдардын коомдогу жүрүм-турум нормаларын өздөштүрүүсү.
89. Үй-бүлөдөгү психологиялык жагдай.
90. Үй-бүлө жана балдар.